**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**
**АЙДАРКЕН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙДАРКЕНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

**Айдаркен шаардык кеңешинин IV-чакырылышынын кезексиз 32-сессиясынын**

**№74 ТОКТОМУ**

*Айдаркен шаары* *06-март 2024-жыл*

**Бирлик айыл аймагынын Кичи-Айдаркен айылын, Аэропорт участогун жана Алга айыл аймагынын Шак-Шак айылын Айдаркен шаарынын курамына киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” №370 Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” №52 токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” №123 Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып Айдаркен шаардык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Айдаркен шаарынын курамына Бирлик айыл аймагынын Кичи-Айдаркен айылы, Аэропорт участогу жана Алга айыл аймагынын Шак-Шак айылы Айдаркен шаарынын курамына бириктирүү жолу менен киргизилип, “Айдаркен шаардык мэриясы” болуп кайра каттоодон өтүүгө уруксат берилсин.

2. Шаардын курамына киргизилген айыл аймактардын айылдарынын мүлкүн инвентаризациялоо жана өткөрүп берүү, өткөрүп алуу актыларын бүтүрүү жана кол коюуу жагы Айдаркен шаарынын мэри А.С.Мурзажановго жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

4. Токтомду каттоодон өткөрүү жагы областык Юстиция башкармалыгынан суралсын.

**Төрага:** **А.К.Кожомбердиев**